УДК 811.512.154

Асирдинова Т.Ж., Кадыркулова У.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ,*

# СТУДЕНТТИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУДА ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУНУН МААНИСИ

*Макалада улуттук эмес тайпаларда студенттердин кыргыз тили сабагы боюнча өз алдынча иштерин уюштуруудагы электрондук окутуунун, электрондук китептердин мааниси тууралуу сөз болот.*

Билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр, жаңы багыттар окутуучулар менен студенттердин алдына да жаңы талаптарды коюп, билим берүүдөгү жаңы ыкмалардын, б.а., бир катар жылдар бою калыптанып калган билим алуудагы символдор катары белгиленген билимдүү болуу, коомдук тарбия, жөндөмдүүлүк сыяктуу концепциялары, компетенттүүлүк, эрудиция, толеранттуулук, жеке чыгармачылык, өз алдынча изденүү ж.б. сыяктуу түшүнүктөр менен алмашылып келет.

Окуу процессиндеги негизги окуу ишмердигинин ажырагыс бөлүгү бул студенттин өз алдынча иши болуп саналат.

Студенттин өз алдынча иши дегенибиз - бул алдын-ала пландалган, мугалимдин жетекчилиги астында уюшулган негизги сабактын темаларына шайкеш келип, окутуучунун түздөн-түз катышуусу талап кылынбаган студенттин ишмердиги болуп саналат. Жогорку окуу жайында өз алдынча ишти уюштуруу жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо анын профессионалдык даярдыгын жогорулатуу менен фундаменталдык жана профессионалдык билимдерин, көндүмдөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга багытталып, практикалык ишмердикте аларды өз алдынча пайдалана билүүгө көнүктүрүү негизги максат болуп саналат. Демек, өз алдынча изденүүгө көнүгүү менен, келечектеги адис өнүккөн коомдо өз ордун таап, окууда, илимий изилдөө иштеринде, өндүрүштө, деги эле жашоодо ар түрдүү маселелерди профессионалдуу чыгармачылык, өзгөчө жөндөмдүүлүк менен, өзү үчүн да, коомчулук үчүн да эффективдүү чече билип, өз алдынча ой жүгүртүүгө, чечим кабыл алууга, өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөнүп, ар түрдүү кырдаалдарда жол таба аларынан күмөн саноого болбойт.

Өз алдынча иш алпаруудагы негизги спецификалык өзгөчөлүгү болуп студенттин мурда алган билимдерин тереңдетүү жана өз алдынча жаңы билимге ээ болуусу саналат.

Студенттин өз алдынча ишин уюштуруу, жалпысынан, үч багытта жүргүзүлөт:

1. Берилген тапшырманын максаттуу аткарылышы;
2. Студенттин материалды өздөштүрүүдө, адабияттарды, керектүү материалдарды тандоодо окутуучунун жардамы;
3. Аткарылган ишти баалоо, дисциплина боюча алган көндүмдөрүнүн натыйжасы.

Студенттердин өз алдынча иши эки түрдө аткарылышы мүмкүн:

- аудиториялык;
- аудиториядан сырткары.

Аудиториядан сырткары аткарылган өз алдынча ишке окутуучу көзөмөл жүргүзүп, белгилүү бир убакытта кабыл алат. Аудиторядан аткарылган өз алдынча иш семинардык, практикалык, лабораториялык сабактардын, о.э. лекциялык сабактын учурунда да жүргүзүлүшү мүмкүн. Ал эми улуттук эмес тайпаларда кыргыз тили сабагынан студенттин өз алдынча иши оозеки жана жазуу формасында аткарылууга тийиш.

Оозеки формасы жаттоо жана айтып берүү болуп бөлүнөт. Оозеки формасынын айтып берүү тапшырмасын аткарууда студент берилген тексттерди өз алдынча окуп, анын

текcттин мазмунун бузбастан, ырааттуу, өз сөзү менен айтып берүүсү керек. Ал эми жазуу формасында белгилүү темаларга ар түрдүү сочинение, текст, эссе, реферат, доклад, тест, контролдук иштер ж.б. тапшырмалар берилет.

Өз алдынча ишти аткарууда студент, аты айтып тургандай, берилген темаларга өз алдынча изденип, ар кандай маалымат булактарынан, китептерден, электрондук китептерден, интернет булактарынан пайдалана билүүгө калыптанышы шарт. Заман талабына ылайык өз алдынча иштерди аткарууда компьютердик технологияны, мультимедиалык каражаттарды пайдалана билүү аткарылуучу иштин сапатын арттыруу менен, студенттин да, окутуучунун да убактысын үнөмдөө менен “эркиндикти” камсыз кыла алат деп ойлойбуз. “Эркиндикти” камсыз кылат дегенибиз - берилген тапшырманы студент каалаган учурунда аткарып, окутуучу менен интернет байланышы аркылуу байланыша алат, окутуучу да өзүнө ыңгайлуу учурда студенттин ишин баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Көп убакытка чейин компьютерди дидактикалык каражат катары пайдаланып келсек, бүгүнкү күндө аны окутуунун атайын формасы катары кароо мезгили келип жетти.

Компьютерлердин пайда болушу жана анын барган сайын өнүгүп- өркүндөтүлүшү, ошондой эле ар түрдүү тармактагы илимий жана практикалык ишмердүүлүктө жаңы технологияларды колдонуу да күч алууда. Бул демилгени колодоочу тармактын бири билим берүү системасы болуп саналат. Ушуга ылайык окутуучу программалардын массалык түрдө түзүлүп, алардын билим берүүдө кең-кесири колдонулушу студенттин өз алдынча иштерин аткарууда да көмөкчү болот. Компьютердик окутууну, б.а., электрондук китептерди, электрондук китепканалар, мультимедиялык электрондук окуу куралын окуу процессине кийирүү, окутууда стандарттык, тажатма стилдерин өзгөртүп, өз алдынча изденүүсүнө түртөт десек, жаңылышпайбыз.

Биз бул убакытка чейин өз алдынча иштерди аткартууда студенттерден бир нече барактардан турган, ар кандай акча каражаттарын талап кылуучу окуу куралдары пайдаланылган (айрым студенттер аткарылган иштин мазмундук сапатына эмес, анын сырткы көрүнүшүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, маркерлер, кооз скотчтор менен кооздоп келишет), студенттин өз алдынча иштерин, сабактан тышкаркы белгилүү бир убакытта студенттин убактысын, окутуучунун убактысын да эсепке албастан кабыл алып келгенбиз. Ал аткарылган иштер бир канча жылдарга кафедраларда сакталып, андан кийин алар макулатураларга өткөрүлүшү мүмкүн. Мындай формада өз алдынча иштерди аткартуу студенттердин кайта – кайта кагаз, папкаларды сатып алууга мажбур кылып, ыксыз чыгым болууга алып келет. Ал эми өз алдынча иштерди электрондук формада тапшыруу, аларга даярданууда электрондук китептерди, китепканаларды пайдалануу ишти бир катар жеңилдетип, биринчиден, убакытты үнөмдөп, экинчиден, чыгымды азайтып, окутуучу үчүн да, студент үчүн да пайдалуу экенине, ошондой эле, арлыктан көз каранды болбостон интернет байланышы бар кайсы жерде болсо да өз алдынча ишти аткарып, окутуучу менен байланыша алуу мүмкүнчүлүгү боло ала турганына ынанууга болот. Албетте, окутуунун бул системасында студенттин да окутуучунун да компьютердик сабаттуулугу талап кылынат, б.а., бул этапта педагог компьютердин функцияларын аз да болсо билүүсү, маалыматтарды инструменталдык программага кийирүү жана редакциялоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуусу керек.

Муну менен биз улуттук эмес тайпаларда окутуулуучу кыргыз тил сабагында аткарылуучу бардык өз алдынча иштерин компьютерлештирүү менен өз максатыбызга жетебиз деп айтуудан да алыспыз, анткени сабактын спецификалык өзгөчөлүгүнө ылайык өз алдынча иштердин айрым оозеки аткарылуучу; текстти же дидактикалык чыгармалардан, элдик оозеки чыгармалардан айтып берүү же болбосо ыр жаттоо сыяктоо

түрлөрүндө, сөзсүз, студент менен окутуучунун көзмө-көз отуруп иш алып баруусу талап кылынат.

Ал эми калган **студенттин өз алдынча ишинин формалары жана түрлөрү:**

- негизги жана кошумча адабияттарды окуу;
- тиешелүү адабияттарды тандоодо библиотекалык каталогдор менен иштөө;
- сөздүктөр менен, справочниктер ошондой эле электрондук сөздүктөр, электрондук справочниктер менен иштөө;
- интернет булактарынан керектүү маалыматтарды жыйноо;
- маалыматтарды конспектилөө;
- окуган материалдарына анализ жүргүзө билүү, (пикир, аннотация жазууга көнүгүү)
- глоссарий түзүү;
- таблица, концептуалдык карталарды түзө билүү;
- предметке, темага байланыштуу аудио уктурууларды, видеоматериалдарды көрүү, аларды айта билүү;
- берилген темалар боюнча аудиоуктурууларды, видеоматериалдарды даярдоо;
- чыгармачылык менен ар кандай тапшырмаларды аткаруу (портфолио, презентация даярдоо);
- өз алдынча ар кандай практикалык тапшырмаларды аткаруу (суроолорго жооп берүү, көнүгүүлөрдү аткаруу, тесттерди аткаруу, ар кандай темаларга карата тексттерди түзүү);
- реферат, докладдарды даярдоо;
- текстти орус тилинен кыргыз тилине которуу же тескерисинче кыргыз тилинен орус тилине которуу сыяктуулары электрондук вариантта аткарылса болот.

Өз алдынча ишти мындай аткаруунун жолун К. Тыныстанов атындагы жогорку окуу жайында ишке ашырууга эң сонун ыңгайлуу шарттар түзүлдү десек болот. Анткени ар бир окутуучунун жана студенттин Google Apps жана moodle билим берүү порталдарында корпоративдүү почталары ачылып, айрым окутуучулар тарабынан онлайн-курстары, электрондук китептери түзүлүп, аларды ишке киргизүү практикаланууда. Демек, өз алдынча ишти уюштурууда мындай мүмкүнчүлүктөрдү, инновациялык технологиянын дүркүрөп өнүккөн шартында, колдон чыгарбай, пайдаланып калууга аракет кылып, компьютердик окутуучу программаларды өз орду менен, үзгүлтүксүз пайдалануу учурдун талабына шайкеш келет деген ойдобуз.

### Адабияттар:

1. Зенкин. А.С. Самостоятельная работа студентов. Методические указания /сост. А.С. Зенкин, В.М. Кирдяев, Ф.П. Пильгаев, А.П. Лащ – Саранск, 2009.
2. Зимняя А.И. Педагогическая психология. – М.: Логос, 2005.
3. Ковалевский И. Организация самостоятельной работы студента // Высшее образование в России. – 2000. – №1.